
# Бобби-ойготкуч



Автор: Алла Пятибратова

Сүрөтчү: Адель Дуйшеева

Которгон: Талгат Деркембаев

# Бобби-ойготкуч

Автор: Алла Пятибратова
Сүрөтчү: Адель Дуйшеева
Которгон:Талгат Деркембаев

Кыргыз тилинде
Бишкек 2023

Copyright © 2023, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган.


http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

"Бобби-ойготкуч. Айка менен Беканын супер каникулу. Экинчи окуя" (кыргыз тилинде), автор Алла Пятибратова, сүрөтчү Адель Дуйшеева, которгон Талгат Деркембаев

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom





Алты жарымда будильник чырылдады. Бек көзүн ачпай туруп, аны муштуму менен бир койду.

– Тез тур. Күн чыкты! – деп кыйкырды Айка.


– Кичине күтө турсун, – деп Бек тескери жагына оодарылып жатып алды.

Айка будильникти жерден алып, анын сынып калганын көрдү.

– Уйкучу десе. Дагы кечигет турбайбызбы, – деп капаланды кыз.

Эгиздер күнүгө эрте турабыз деп макулдашышкан.

Чоң атасы күндүн чыгышын укмуш сүрөттөп айтып берчү. Бирок аны өз көзүң менен көргөнгө не жетсин? Бирок алар күндүн чыгышын көрө алышкан жок. Будильниктен деле пайда болбойт экен да.





Бек акыры эптеп туруп, Айканын артынан көлдү көздөй чуркады.

Эртең мененки сууктан чыйрыгып, экөө көл жээкте турушту. Мына сага! Эч кандай күн жок го. Асман бетин булут жаап калыптыр.

Бул маалда аларга чоң атасынын досу жана кошунасы Юрий Михайлович басып келди.

– Кандайсыңар, балдар? Ии, көлгө түшкөнү келдиңерби? Бир аз эрте го. Анын үстүнө бүгүн аба-ырайы да бузулуп турат. Кайыгымды сырдайын дедим эле. Жаан жаайт го, – деп ал балдарды карады.

Юрий Михайлович балдардын көл жээкке эмнеге келгенин билгенде ого бетер таң калды.

– Ошондой дебейсиңерби! Силер кечигип калдыңар. Күн эбак эле чыккан. Ал булуттардын артынан көрүнбөй жатпайбы. Эми күндүн ачылганын күткүлө. Бирок эртерээк келиш керек, – деди.


– Саат канчада? – деп сурады Бек.

– Ар бир таңда ар кандай болот. Күн бир маалда, бир эле убакта чыга бербейт.

Бүгүн 5. 24тө чыкса, эртең эки мүнөт эрте чыгат.

Муну так билиш үчүн, Ысык-Көлдө күндүн чыгышын жана батышы тууралуу таблицаны караш керек. Интернеттен карап көрсөңөр, табасыңар. Таблицада айлар боюнча бардыгы жазылган.

– Күн чыгыштан чыгат. Чыгыш каякта? – деп сурады Бек..





– Биз түштүк жээктебиз. Эгерде биз көлгө бет маңдай турсак, каршы жагыбызда, туура айтасыңар, түндүк болот. Биздин оң жагыбызда чыгыш, сол жагыбызда батыш болуп калат, – деп Юрий Михайлович түшүндүрүп жатты. – Күн чыгыштан тээтиги тоолордун артынан чыгат, – деди Бек. – Мына, түшүнүп алдык. Жүргүлө үйгө, тоңуп калдыңар го, – деп Юрий Михайлович балдарды ээрчитип жөнөдү. Жолду карай Чолпон-Атада яхт-клубда иштегенин, теплоход менен туристтерди ташыганын айтып берди. – Юра байке, сиз капитан белеңиз? Силердин теплоходуңардын аты кандай ? Ал чоң беле? Мен да капитан болгум келет! – деп Бек суроо артынан суроо жаадырып жатты. – Кечинде силердикине келем. Анан баарын айтып берем, – деп Юрий Михайлович сөз берди. – Бал менен чай beresiңerби? – Албетте, беребиз. Биздин балыбыз кандай таттуу экенин билесизби?

– Билем. Силерди аарылар менен кумурскаларды окутат деп уккан да жайым бар эле...
– Алар окуганды тез эле үйрөнүшкөн. Мектепти жаап салууга туура келди. Баары каникулга чыгышкан! Кантип эрте турганды үйрөнүш керек, – деди Айка. – Силер чоң атаңарга айтсаңар, ал силерге үйрөтөт, – деди Юрий Михайлович күлүп. – Чоң атам бизге будильник берген. Байкабай сындырып алдым, – деп мойнуна алды Бек. – Силердин чоң атаңар жөн эле инженер эмес, ал ойлоп табуучу да. Анын колунан баары келет. Будильникти оңой эле оңдоп коёт. Көрөсүңөр го, бир нерсени ойлоп табат.

Чоң атасы небереслеринин сунушуна таң калган деле жок.

– Менде силер үчүн дагы бир ойготкуч бар.





Тоокканага барып Боб аттуу короздон ойготуп койгулачы деп сурансаңар, ал силерди таң заарда ойготот. Анын эч качан сынбаган бир сааты бар, – деди ал куулана көзүн ымдап.

– Короз макул болмок беле? – Бек күмөн санады.

– Көргүлө, аны Бобик деп атай көрбөгүлө. Ал таарынып калышы мүмкүн.

– Эмнеге?

– Анткени анын толук аты Роберт. Биз аны Боб деп атап коёбуз. Бобик деген иттин аты да.

– Макул. Аны кантип кармайбыз?

– Аны кармайбыз дей көрбөгүлө. Болбосо, сүйлөшө албай калышыңар мүмкүн.

Балдар чоң атасы аларды тамашалап жатат деп ойлошту. Тоокканадан тооктор менен өрдөктөрдүн арасынан дароо эле Бобду көрүштү.

Короздун ачык-кызыл таажысы, түстүү кооз куйругу бар экен. Ал чачылган данды бардыгы бирдей жесин деп нары-бери койкоңдоп басып жүрүптүр. Эч ким деле жем талашып урушкан жери жок.

– Укмуш сулуу турбайбы! Эми буга кантип кайрылуу керек? Короз мырза дейбизби? Же урматтуу Роберт дейбизби? Бобби же мистер Боб дейбизби? – деп Айка корозго суктанды.

– Эй, Боб! – деп Бек кайрылса, короз аны карап да койгон жок.

Айка ишенбегенсип:

– А… эээ… урматтуу, мырза, мистер Боб…

Короз башын буруп, балдарды ирмелбеген тептегерек көзү менен тиктеп калды.

– Бобби, – деди Айка.

Короз чыртыйгансып туруп калды.

– Мен сизди Бобик деп айткым келген жок. Бобби деген Роберт деген сөздөн чыккан да.

– Биз күндүн чыгышын көргүбүз келет. Бирок күн чыгар маалда ойгоно албай жатабыз. Баарынан эрте турат экенсиз. Бизди ойготуп коё албайт белеңиз?.. – деди Бек да четте чыдап тура албай сөзгө аралашты.

Бек сөзүнөн адашып кетсе да, Бобби аны кунт коюп угуп турган. Ал мына-мына: “Албетте, силерди ойготуп коём” дегенсип турду.

Короз ойлонгончо, балдар аны чыдамсыздык менен күтүп калышты. Акыры ал башын ийкеди. Же ошондой көрүндүбү, ким билет?

– Бул Бобигиң, менимче, эч нерсени деле түшүнгөн жок, – деп Бек күлүп калды.

– Анткени менен аракет кылып көрдүк да, – деди Айка.

Кечинде айткандай эле, Юрий Михайлович чай ичкени келди. Ал жан дили менен өзүнүн теплоходу жөнүндө, өмүрүндөгү кызыктуу окуяларын айтып берип жатты.

Балдар эртең мененки канаттуулар короосуна баргандагы окуясын унутушту.

Эртең мененки саат беште «кукуреку» деген үн чыкты. Короз үйдүн ачык терезесинен учуп кирип, таңкы ураанын жаңыртты.

Дагы эки жолу кыйкырып, Боб коридор менен басып, ар бир эшиктин жанында аябай аракет кылып кыйкырып жүрдү. Короз кыйкырганда, бардыгы чочуп кетишти. Өз бөлмөлөрүнөн чоң энеси менен чоң атасы, уйкулуу көзүн ушалаган Айка, коноктор – Айнура, Нурлан жана Замира жеңе чыга келишти. Булардын артынан Барс аттуу мышык да ээрчий келди.

Бардыгы бири-биринен эмне болуп кеткенин сурап жатышты. Боб кыйкырып коюп, коридор менен кайра артка чыгып кетти.



Бардыгы четтен короздун каадалуу басып бараткaнын байкап турушту.

– Аа, мен ишти чоо-жайын эми билдим, – деди чоң атасы.

Ал балдарга короз менен кантип макулдашуу керек экенин үйрөткөнүн айтты.

Бардыгы күлүшүп, мындай болууга мүмкүн эмес экенин сүйлөшүп жатышты.

– Биз ошентип ойлошубуз мүмкүн. Бирок короз келип, өз ишин эң мыкты аткарып кетпедиби. Баса, Бектур көрүнбөйт го, – деп ушул жерден чоң энеси сөзгө аралашып кетти.

Чоң эне балдар жаткан үйдүн эшигин ачып, таттуу уктап жаткан Бектурду көрдү. Ушу жерден кайдан – жайдан келгени белгисиз Бобби пайда болду.

Ал Бектурдун керебетинин кырына секирип чыгып, баланын кулагына: “кукуреку” деп кыйкырды.

Бек секирип туруп, көзүн сүртө баштады.

– Айка, таң аттыбы? Чуркадык! – деп кыйкырды ал.

– Күрмөңөрдү кийип алгыла. Эшик суук! – деп артынан чоң атасы кыйкырып кала берди.

Бирок балдар аны угушкан жок. Алар көл жээкке күчүнүн болушунча кечикпейли деп чуркап кетишти. Балдар кечигебиз деп коркушкан жок.

Айка менен Бектур бүгүн сөзсүз күндүн чыгышын көрүшөт!



USAID
АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ


Автор: Алла Пятибратова
Сүрөтчү: Адель Дуйшеева
Которгон: Талгат Деркембаев



USAIDдин "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы


1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- **3.1 деңгээли**
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- 4.2 деңгээли